Кыргыз Республикасы
Ош облусу
Ноокат району

# Көк-Жар айылдык аймагынын 2020-2022-жылдардагы социалдык-экономикалык

# ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ



Депутаттардын Көк-Жар айылдык Кеңешинин
VI чакырылышындагы XXVIII сессиясынын
№ 1 токтому менен бекитилди
28-май 2019-жыл

# Мазмуну


Көк-Жар айыл өкмөт башчысынын кириш сөзү ........ 3

1. СЭӨПтү даярдоо үчүн ченемдик-укуктук негиз............ 5

2. Көк-Жар айылдык аймагы тууралуу маалымат..... 5

3. Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жалпы максаты........................ 19

4. Көк-Жар айылдык аймагынын приоритеттүү багыттары ................................ 20

   1. Пландоо, башкаруу жана администрациялоо......... 20
   2. Экономикалык маселелер ....................... 21
   3. Айлана-чөйрөнү коргоо ............................... 24
   4. Коомдук тартип жана коопсуздук .............. 25
   5. Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр..................... 27
   6. Эс алуу, маданият жана спорт....................... 29
   7. Билим берүү .............31
   8. Социалдык коргоо ДМЧ адамдарды коомго тартуу....................34

5. СЭӨ программасын башкаруу...................................36

6. СЭӨ программасынын бюджети ....................................36

7. СЭӨ программасына мониторинг жана баалоо жүргүзүү.....................................41

8. Тиркемелер.......................41

   СЭӨ программасын ишке ашыруу боюнча аракеттер Планы .............41

   МжБ планы ........................41

   Учурдагы кырдаалга жасалган анализ боюнча отчеттор. ............41

   Калктын муктаждыктарын аныктоо боюнча (ЖМБА) иш-чаралардын отчеттору...........................41

   Жумушчу топтун курамы жана планы .......................41

## Көк-Жар айыл өкмөт башчысынын кириш сөзү

Урматтуу Көк-Жар айыл аймагынын тургундары!
Сиздер менен биз жаңы доорду кабыл алуу жана анда жашоо бактысы буюргандыгына шүгүрчүлүк этели. Биздин артыбыздан келечектин жаңы муундары өсүп келе жатат, биз алар менен бирге ата-бабаларыбыздын жолун улап, бизге чейинки муун калтырып кеткен жетишкендиктерди толуктап, аларды улантуубуз зарыл. Бул үчүн дүйнөлүк тажрыйба далилдегендей социалдык-экономикалык өнүгүү планы керек. Туруктуу өнүгүү – адамзат коомунун өз ара жана табигат менен болгон биримдиги болуп саналат.



Көк-Жар айылдык аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (СЭӨП) 2023-жылга чейин туруктуу өнүгүүсүнүн максаттарын, приоритеттерин жана милдеттерин аныктайт.
СЭӨП максаты – жакынкы келечекте айыл аймактын жашоосун ар тараптан жакшыртууга ыңгайлуу шарттарды түзүүдө, жергиликтүү бийликтин кылган иш аракеттери көрсөтүлгөн.
Бул программаны иштеп чыгуу максатында, жергиликтүү бийлик органдары тарабынан атайын 2019-жылдын 9-апрелиндеги № 86 номерлүү буйрукка негиз жумушчу топ түзүлгөн. Бул жумушчу топтун курамында ар тармактын өкүлдөрү катышып, айыл аймагыбыздын жакынкы 3 жыл аралыгында ыкчам жана туруктуулук менен өнүгүү багыттарын аныктап, өнүгүү жолдорун чагылдыруучу документти иштеп чыгышты.
Ошондой эле бул программаны иштеп чыгууда, айыл аймагыбыздын 2024-жылга чейинки башкы стратегиялык планынын иш-чаралары эске алынды.
СЭӨ программасына Көк-Жар айылдык аймагынын соңку жылдардагы негизги экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарын жана 2019-2022-жылдардагы негизги макро жана микроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолу пайдаланылды. Муну менен катар, албетте жаштарыбыз маданияттуу

чөйрөдө жана жогорку моралдык коомдун өнүгүүсү үчүн, биздин айыл аймагыбызда ыңгайлуу, сергек, бай жашоо болуусу шарт. Ошондой эле жеткиликтүү билим алууга, кызмат көрсөтүүдөгү бийиктиктерди багындырууга, жаны муундарыбызды татыктуу тарбиялоого милдеттүүбүз. Эгер СЭӨ программасында көрсөтүлгөн милдеттерди иш жүзүнө ашырууга жалпыбыз салым кошсок, айыл аймагыбызда чон ийгилик жаралаарына терен ишенем.
Биздин айыл аймагыбыздын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы элдин турмуш шартын, жашоо-руханий деңгээлин көтөрүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун жогорулатуу максатын көздөйт. Айыл аймак үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн мезгили келди. Биздин аймактын туруктуу өнүгүүсү бул – региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсү, азыркы муундун жыргалчылыгына келечек муундун жыргалчылыгы шайкеш келиши, курчап турган чөйрөнүн орду толгус бузулуп кетишинен сактоо, мыйзам-ыйман талаптарына ылайык гармондуу коопсуз, коомдук мамилени орнотуу.
Ошондуктан жаңы кырдаалды баалап алдыга туруктуу өнүгүү максатында ушул программаны даярдоо зарыл болду.



## 1. СЭӨПтү даярдоо үчүн ченемдик-укуктук негиз

- КР Конституциясы;
- КР Бюджеттик кодекси;
- «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы;
- Туруктуу өнүгүүнү стратегиялык жактан пландоо боюнча методология (КР Экономика министрлигинин 2015-жылдын 27-февралындагы №45 Буйругу менен бекитилген);
- Шаарлардын жана айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдоо боюнча ЖӨБО үчүн усулдук колдонмо (Экономика министрлигинин 2018-жылдын 15-майындагы №63-А жана ЖӨБЭММАнын 2018-жылдын 16-майындагы №1-18/56 биргелешкен буйруктары менен бекитилген);
- Жергиликтүү деңгээлде программалык негизде бюджеттерди түзүү, кароо жана аткаруу тартиби тууралуу нускама (КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 23-июлундагы №69-Б Буйругу менен бекитилген).

## 2. Көк-Жар айылдык аймагы тууралуу маалымат

### Тарыхы жана жалпы маалымат

Көк-Жар айыл аймагы Ош облусунун батыш-түштүк бөлүгүндө, Ноокат районунун батыш бөлүгүндө жайгашкан, 1996-жылы уюушулган. Көк-Жар айыл аймагынын жалпы аянты 16 107 кв.км түзөт. Түндүгүнөн Найман айыл аймагы, чыгышынан Бел айыл аймагы, түштүгүнөн Кулатов айыл аймагы, батышынан Он-Эки-Бел аймагынын чек аралары менен чектешет. Райондун борборунан 22 км, ал эми облустун борборунан 60 км алыстыкта, жакынкы темир жол станциясынан 25 км, жакынкы аэропорттон 75 км, республиканын борбору Бишкек шаарынан 640 км аралыкта жайгашкан. Айылдык аймак Бишкек-Ош-Баткен республикалык маанидеги автожолдун боюнда жайгашып, 6 айылдан турат: Жийде, Борбаш, Көк-Жар, Каранай, Сарыканды жана Алашан.

### Климаттык шарты

Көк-Жар айылы Алай тоо кыркаларында жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1 275 метр

бийиктикте. Климаты кескин континенттик, кышы суук жана узак, жайкысын ысык. Кышкысын аба ырайы 20-25 градус суук, жайкысын 20-30 градус ысык.

## Демографиялык көрсөткүчү

Көк-Жар айыл аймагында жалпы калкынын саны 2019-жылдын 1-январына карата 22 225 адам түзөт: 11 370 аял, 10 885 эркек; 0-15 жашка чейинки жаштар 8 % түзөт (2018-жылы бул көрсөткүч 7 % түзгөн). Кыскасы, айыл тургундарынын саны 2016-жылдан 2019-жылга чейин 1 905 адамга көбөйдү.
2018-жылы сыртка кеткен жарандардын саны 2 500 адам болсо, 2019-жылы алардын саны 3 876 адам болуп, ички миграция 6,4% түздү.
Эмгекке жарамдуу адамдардын саны – 7 387 эркек жана 8 060 аялды түзөт. Негизинен айыл тургундары мал чарбасы жана дыйканчылык менен эмгектенет. Орточо эсеп менен калктын кирешеси бир айына 4 350 сомду түзөт. Жумушсуздардын саны– 2 000 адам. Пенсионерлердин саны 1 178 адам, 18 жашка чейинки ДМЧ адамдардын саны 35 адам, ал эми 18 жаштан жогорку ДМЧ адамдардын саны 42 адам. 2018-жылга ДМЧ адамдардын саны салыштырмалуу 4%га көбөйдү. Медициналык маалыматка таянсак, экологиянын бузулушунан жана экологиялык таза азык-түлүк менен азыктан-баганына байланыштуу жана энелердин ден-соолугунун начардыгынан улам, акыркы мезгилде ДМЧ балдар көп төрөлүүдө. Тубаса майып төрөлгөн адамдардын саны 77 болсо, кийин майып болуп калган адамдардын саны 137 адамды түзөт. Тышкы мигранттардын балдарынын саны 340 бала, ал эми ички мигранттардын балдарынын саны 19 бала.
Жакырчылыктын деңгээли социалдык паспорттоштуруунун негизинде 2018-жылга 14% болсо, 2019-жылга 17% болуп 3%га көбөйдү. Азыркы учурда аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн 484 аял жөлөк пул алат.
Жергиликтүү бюджеттен аз камсыз болгон жана ДМЧ адамдар шарттарына карап 2000 сомдон 5000 сомго чейин накталай акча менен камсыз болушат. Турмуштук оор кырдаалда турган үйлөргө 5000 сомдон 10000 сомго чейин накталай акча менен камсыз болушат.



| Айылдын аталышы | Коожолук саны | Калктын саны | Жашаган жеринде жок | Эркектер (жаш курагы) | | | | | Аялдар (жаш курагы) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 0 -15 | 16 - 17 | 18 - 62 | 63+ | Бардыгы | 0 -15 | 16-17 | 18 - 57 | 58+ | Бардыгы |
| Жийде | 805 | 4 950 | 876 | 903 | 48 | 1 423 | 106 | 2 432 | 879 | 28 | 1 404 | 236 | 2 518 |
| Бөрбаш | 798 | 4 778 | 808 | 818 | 45 | 1 281 | 118 | 2 317 | 789 | 38 | 1 510 | 180 | 2 459 |
| Көк-Жар | 568 | 3 318 | 600 | 518 | 42 | 1 041 | 58 | 1 609 | 481 | 40 | 1 063 | 165 | 1 709 |
| Каранай | 435 | 2 847 | 472 | 472 | 53 | 917 | 47 | 1 426 | 435 | 45 | 873 | 103 | 1 411 |
| Сарыканды | 513 | 3 381 | 727 | 567 | 62 | 1 010 | 58 | 1 635 | 561 | 63 | 1 072 | 110 | 1 746 |
| Бардыгы | 3 634 | 22 255 | 3 878 | 3 793 | 304 | 6 850 | 433 | 10 885 | 3 576 | 258 | 6 885 | 909 | 11 370 |

## Айлана чөйрөнү коргоо. Таштанды маселеси

Көк-Жар айылдык аймагы боюнча таштанды маселеси эң көйгөйлүү маселелердин бири болуп саналат. Таштанды маселесин жеринде чечүү максатында 2013-жылда «Көк-Жар-Тазалык» муниципалдык ишканасы ачылган. Анын базасын чыңдоо үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 миллион сомго эксковатор  сатып алынган.
Тазалыкты сактоо жана айлана чөйрөнү коргоо максатында жылына 40-53 тонна таштанды чыгарылат. Таштанды чыгаруучу техника жок болгондуктан, ар кайсы менчик техникаларды жалдап иштетүүгө туура келет.
Мектепти жана бала бакчаны жылытуудан чыккан көмүр отунунун күлү жалданган менчик автоунааларга жүктөлүп чыгарылат.
Айыл аймакта таштанды төгүүчү жай жок. Айыл ичинде атайын таштанды салуучу контейнерлер коюлбагандыктан, таштандылар ар кайсы жерге ыргытылат.
Аймагыбыз мамлекеттик маанидеги жолдун боюнда жайгашкандыктан, өзгөчө Кызыл-Кыя – Көк-Жар – Ош  жолунда таштанды көп, анткени ары-бери өткөн жүргүнчүлөр таштанды таштап кете беришет.

## Жердин кыртышы, айдоо жерлер, жайлоо жана өсүмдүктөр

Айылдык аймакта жалпы жер аянты – 16 107 га, анын ичинен суу баскан аянт – 1 429 га.
Жалпы 2 300 дыйкан бар. 2018-жылда 232 га жерге арпа, 380 га



жерге буудай, 180 га жерге картөшкө, 203 га жерге жашылча айдалган. 2019-жылы арпа – 217 га, буудай – 385 га, картөшкө – 180 га, жашылча – 203 га айдалган же 10% көп айдалган. Айыл тургундары дыйканчылык менен эмгектенгендиктен арпа, буудай, картөшкө жана башка жашылчаларды эгишет. Дыйкандар минералдык жер семирткичтерди көп колдонбогондуктан, экологиялык жактан таза, сапаттуу түшүм жыйналат. Биздин айылда азыркы учурда буудай 50%, арпа 30% жана картөшкө 80% айдалып, мол түшүм алып жатышат. Элдин көпчүлүгү дыйканчылык менен алектенип, дыйкандар күнүмдүк турмуш тиричилигин өткөрүшөт.

Сугатка Жаңы-Ноокат айыл аймагынан башталган Чили жана Кулатов айыл аймагына караштуу Абшыр-Ата дарыяларынын суусу пайдаланылат.

Көк-Жар айыл аймагында «Абшыр Таңы» СПАсы 2000-жылдары түзүлүп, алты айылдагы 2386 га жер аянтын сугат суу менен камсыз кылууга аракет жасалат. Бирок 1800 га жер аянты гана сугат суу менен камсыз болот. СПАга тиешелүү ички каналдардын узундугу 32 км 860 метрди түзөт, анын ичинен 15 км бетон лоток арыктар, ал эми 17 км 840 метри жер арыктары. СПАнын мүчөлөрү – 3835 фермердик чарбалар. 2019-жылга карата СПАнын бюджети 2 085 000 сомду түзөт. Бюджеттин аткарылышы жылына 70-75% түзөт. Анткени, айдоо жерлери толугу менен сугат суу менен камсыз болбойт.

Сугат суу системасынын эскилиги жетип талкалангандыктан, ошондуктан бөлүнгөн суунун көлөмү жоготууга учурап жатат. Андан сырткары Сарыканда жана Алашан айылдарынын алдыңкы зоналарын сугат суу менен камсыз кылуу  канал аркылуу өтө кыйын.

## Мал чарбасы

Көк-Жар айыл аймагында 2019-жылга карата катталган малдын саны: уй – 5 239 баш, кой – 11 570 баш, жылкы – 710 баш, эчки – 1613 баш,  канаттуулар – 12 204 баш катталган.
2018-жылга салыштырмалуу уйдун саны 193 башка, койдун саны 1369 башка, жылкынын саны 50 башка, канаттуулардын саны 1230 башка кобойгон.
Элдин көпчүлүгү мал чарбасын көбөйтүп малга басым жазап асыл тукумдуу малдарды алып келишип малдын сапатын жакшыртууда.
Жайыттар ички, ортоңку жайыттардан турат. 5 460 миң га жайыт  бар: ички жайыт – 2300 га, ортоңку жайыт – 3 160 га. Жайыт пайдалануучулардын 15 мүчөсү бар.
2 750 шарттуу мал бар. Жайыт бирикмесинин курамында төрага, бухгалтер, инспекторлор эмгектенет. Шарттуу малдын башына төлөнө турчу акчанын саны кара мал үчүн 119 сом, кой жана эчкиге 63 сом, жылкыга 200 сом. Жайытты пайдалануу үчүн жалпысынан 491 миң сом жыйналат, анын ичинен мал үчүн 380 миң сом жайыт акысы чогулат. Бугункү күндө жайыттардын жолдору начар абалда жана деградация болгон жайыт жерлери бар.

## Инфраструктура

Көк-Жар айыл аймагында  билим берүү тармагы боюнча 8 мектеп иштейт. Алардын 5 орто мектеп, 2 толук эмес орто мектеп жана бирөө башталгыч мектеп Алар төмөнкүлөр; Жийде айылындагы М Мамытов атындагы «Жийде» орто мектеби. Бул мектепте 925 окуучу жана 60 мугалим иштейт. Каранай айылындагы “Каранай” толук эмес орто мектеби. Бул мектепте 209 окуучу жана 20 мугалим эмгектенет. Алашан айылында Б. Матаипов атындагы «Алашан» орто мектеби. Бул мектепте 274 окуучу жана 28 мугалим эмгектенет. Көк-Жар айылындагы «Көк-Жар» гимназия класстары бар инновациялык мектебинде, 1117 окуучу жана 75 мугалим






эмгектенет. Сарыканды айылында «Маданият» орто мектебинде 288 окуучу жана 28 мугалим эмгектенет. Ал эми ушул эле айылдын Дедек-Бүбү участкасында Дедек-Бүбү толук эмес орто мектеп бар. Бул билим берүү мекемесинде 84 окуучу жана 12 мугалим эмгектенет. Борбаш айылындагы «Борбаш» орто мектебинде 746 окуучу жана 49 мугалим эмгектенет. Жалпы айылдык аймак боюнча 100% билим берүүгө тартылган. Бирок Сарыканды, Каранай жана Алашан айылдарындагы мектептери авариялык абалда. Бул окуп жаткан окуучулар жана окутуп жаткан мугалимдер өз өмүрлөрүн тобокелге салып иштеп жатат. Бул мектептердин авариялык абалы боюнча тиешелүү органдардын корутундулары бар. Айыл аймактагы мектептердин билим сапаты Ноокат райондук билим берүү бөлүмүнүн статистикалык маалыматына таянсак, 42% ти түзөт.

**Мектепке чейинки билим берүү боюнча жалпы маалымат**

Айыл аймак боюнча, 6 муниципалдык жана 1 жеке менчик балдар бакчасы иштейт. Жалпы мектепке чейинки билим берүүгө 533 бала тартылган. 700 бала балдар бакчасына тартылбай калган. Жалпы айыл аймактын 60%га жакыны мектепке чейинки билим берүү мекемелерине бара албайт.
Жийде айылындагы М. Мамытов атындагы Жийде орто мектебинин алдында баштапкы билим берүү мекемеси ачылып 0 класска барышат. Бул мектептеги 0 класстын окуучуларын ысык тамак-аш менен камсыз кылуу максатында, 2017-жылы айыл өкмөт тарабынан 2 га жер аянты ажыратылып берилген. Бул жер аянтынан картошка, сабиз, пияз өндүрүлөт.
Көк-Жар айыл аймагы боюнча ички жолдордун узундугу 88 км түзөт. Бул жолдордун ичинен болгону 6 км аралыкка асфальт төшөлгөн. Канааттандыраарлык абалдагы ички жолдордун үлүшү 63% түзөт.
«Тешик-Таш» ИСКАКБсынын тейлөөсүндө алты айылда 3 634 кожолук бар. Бирок көчөдөгү колонкалар аркылуу таза суу менен камсыз болгон кожолуктар 65% түзөт. Ал эми 0,5% жеке үйүнүн ичине таза суу киргизген.
«Тешик-Таш» ИСКАКБсынын



тейлөөсүндө 74 км узундуктагы таза суу линия магистралы бар. «Тешик-Таш» ИСКАКБсынын тейлөөсүндө кошумча дагы Борбаш жана Жийде айылдарында 500 м$^3$ суу кампасы жана Көк-Жар айылында 250 м$^3$ суу кампасы бар. Суу кампаларында чогулган суу, калктын керектөөлөрүн камсыз кылбайт. Ошол себептен 1 000м$^3$ суу кампасын жана 12 км узундукта суу түтүгүн тартуу зарыл. Себеби азыркы суу кампаларга куйюлуучу суулар ачык дарыядан агып келген суу менен толтурулат. Таза суу линияларынын эскилиги жеткен. Коомдук жерлердин жарыктандырылуусунун көлөмү 60% га жеткен . Айыл аймактагы жаны конуштарга гана түнкү жарыктандыруу жеткен эмес. Жыл ичинде жарыктандырууга жергиликтуу бюджеттен 200 000 сом акча каражаты сарпталат. Көк-Жар айылы жашоочулар үчүн ыңгайлуу болуп эсептелет, башка райондогу айылдарга салыштырмалуу кылмыштуулуктун саны азайып жана түнкүсүн басып жүрүүгө ынгайлуу шартар түзүлдү. 2018-2019-жылдары түнкү кылмыштуулуктун саны 10%, айыл ичинде уруулардын саны 14% азайды.  2019-жылгы кылмыш катталган жок. Калктын арасынан өзгөчө жаштар ден-соолугун чыңдоо үчүн  спорт менен машыгып келе жатышат. Айыл аймакта




муниципалдык 2 ачык футбол ойноочу спорт аянтчасы бар. Айыл аймакта Каранай – Таймаш жана Көк-Жар таймаш спорт клубдары бар. Андан сырткары спорттун футбол, улуттук күрөш, волейбол, ордо атуу жана шахмат секциялары иштейт. Жогоруда аталган Каранай-Таймаш спорт клубунун спортчулары, спорттун Пенчак-Силак түрү боюнча азия 7 азия жана 5 дүйнө чемпиондук курларын алышты. Спорттун футбол туру боюнча айыл аймактын футболисттери ар кандай райондук жана областык мелдештерде байгелүү орундарды алып келишет. Айыл аймактын элинин 68% спортко кызыгып ар кандай иш-чараларга катышып ийгиликтерге жетишип жана жаштардын спортко болгон кызыгуусу артат. Азыркы учурда спорт менен алектенишип кылмыштуулуктун саны азайды жана жаштар ден-соолугун чындап жатышат.

**Маданият тармагы боюнча**

Көк-Жар айылдык клубу 1986-жылы курулган. 2016-жылы АРИС тарабынан жалпы сметалык баасы 1млн сом грант жумшалган. Бул акча каражатына клубдун электр жабдыктары, полу, сахна дубалдарын сырдоо жана чатырын жанылоо иштери жүргүзүлгөн. Маданият тармагында 5 адам эмгектенет, директор, көркөм жетекчи, техникалык музыкант жана кароол эмгектенет. Жыл сайын райондук маданият бөлүмү тарабынан бекитилип берилген планга негиз иш алып барылат. Клубдун ичинде 430 адамга ылайык орундук менен камсыз болгон. 2018-жылы жалпысы 15 маданий иш-чара өткөрүлдү. Ал эми райондо уюштурулган маданий иш-чараларга Улуу Тоо айым-дары жана Шайыр Апалар топтору катышып, байгелүү орундарды ээлеп жатышат. Клубда 2 ийрим уюштурул-ган. Атап айтсак, бий жана комуз боюнча. Азыркы мез-гилде клубга тиешелүү 1 музыкалык аппарат жана 1 аккордеон бар. Ал эми улуттук музыкалык аспаптар жана улуттук кийим-кечектер жети-шерлик болбогондуктан, маданий тейлөөдө толук кандуу иш алып барууда кыйынчы-лыктарга дуушар болуп келет.

## Китепкана тармагы

Көк-Жар айылынын калкынын саны 22 255 адам, мунун ичинен 56% китеп окурмандарын түзөт. Себеби айыл аймакта муниципалдык  Жийде жана Борбаш айылда-рында китепканалар бар. Китеп фондунда Борбаш айылындагы китепканада 13000 даана китеп, 2 газета, 1 журнал тиркелип турат, ал эми Жийде айылындагы китепканада 9 804 даана китеп, 2 газета жана 1 журнал тиркелет.
Китепканаларда атайын китеп окуу үчүн кааналарда, окурман-дар үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Мунун кесепетинен жана шарттын жоктугунан жылдан жылга окурмандардын саны азаюуда.



## Коомдук уюмдар

Көк-Жар айыл аймагында төмөнкү коомдук уюмдар иштешет. Алар аксакалдар соту, аялдар кенеши, «Көк-Жар жаштары» коомдук фонду, «Жийде жаштары” коомдук фонду жана “Каранай жаштары” коомдук фонду. Бул уюмдар тарабынан айыл аймактын инфракструктурасын жана экономикалык өсүшүнө жардам беришип келүүдө.
Аксакалдар соту тарабынан 2018-жылда 45 иш каралып, айыл өкмөт бюджетине  48 632 сом админстративдик айып пулдар салынып, кириштелген.
Көк-Жар жаштары коомдук фонду тарабынан Көк-Жар гимназия класстары бар инновациалык мектебинин футбол ойноочу спорттук аянтчасын кайрадан жашыл-дандырып беришти. Андан сырткары Көк-Жар мектебинин жакшы окуган 15 окуучуга 500 сомдон ар чейрек сайын стипендия беришет.
Каранай жаштары коомдук фонду тарабынан айылдагы мектепке жыл сайын 10 000 – 20 000 сомго чейин окуу куралдары сатып алынып берилет. Фонд тарабынан айылдагы мечитке 1,5 млн сомдук эмеректерди алып беришкен. Башкача айтканда мечитке таза суу түтүгү тартылып, аристон коюлган. Андан сырткары азан айтуу учун колонкалар алынган.
’Жийде жаштары’ коомдук фонду тарабынан айылдагы негизги көчөлөрдү жарыктанды-рууда жакындан жардам беришкен. Айылдагы аз камсыз болгон 5 үй-бүлөгө жылына 1 тоннадан көмүр алып беришет. Мектептеги жакшы окуган 18 окуучуга айына 320 сомдон стипендия берип турушат.

Аялдар кенеши айыл аймактын өсүп өнүгүшүнө салым кошуп келишет. Аялдар кенешинин активдуу 256 мүчөсү бар. Ушул коомдук уюмдардын иштеши үчүн шарттарды түзүү абзел. Атайын кааналарды бөлүп берүү зарыл. Андан сырткары жаштар фондорун регистрациядан өткөрүүгө жардам керек.

## Калк муктаждыктарын программада эске алуу

2019-жылдын февраль-март айларында Көк-Жар айылдык аймагынын 6 айылынын жашоочуларынын катышуусу менен 6 фокус топ өткөрүлдү. Иш чараларга айылдын ар бир социалдык катмарынын өкүлдөрү, ошондой эле жаштар жана аялдар катышты. Жалпы катышуучулардын саны 405 адам, аялдардын саны 285 болду. Изилдөөнүн жыйынтыгында төмөндөгүдөй артыкчылыктуу көйгөйлөр аныкталды. Социалдык аяр катмарлардын пикири социалдык маселелер боюнча адистин ар бир аяр катмардын өкүлү менен жолугушуусунда такталып, ички чөйрөгө анализ жасаганда, жыйынтыгы ал отчетто көргөзүлдү.
Андан сырткары ар бир багыт боюнча тиешелүү адистер тарабынан тышкы жана ички чөйрөгө анализ жасалды. Жыйынтыгы социалдык-экономикалы өнүгүү программасын иштеп чыгууда колдонулду.



**Жергиликтүү бюджет**
Көк-Жар айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы 2018-жылга карата жалпысы болуп 28 989,5 (жыйырма сегиз млн тогуз жүз сексен тогуз миң беш жүз) сомду түзүп, 2017-жылдын аткарылышына карата 5918,3 (беш млн тогуз жүз он сегиз миң үч жүз) сомго ашыкча аткарылды.
2017-жылга карата төмөнкү салык төлөмдөрүндө өсүү болду. Тактап айтканда салык агенттери төлөгөн киреше салыгы 2018-жылга карата 685,9 (алты жүз сексен беш миң тогуз жүз) сомго өсүү берген.
Себеби 2018-жылга карата муниципалдык кызматкерлердин айлык майанасы жогорулап, айыл аймагынын айланасындаиш жүргүзүп жаткан кээ бир ишканалар толук такталып, киреше салыгы толук айыл өкмөтүнө төлөндү.
Патент негизинде төлөнүүчү салыктын түрү 2018-жылга карата 328,4 (үч жүз жыйырма сегиз миң төрт жүз) сомго ашыкча аткарылган. Анткени айыл аймагыбызда борбордук базар жайгашкандыгына

*Диаграмма 1. 2018-жылга бюджеттин кирешесинин аткарылышы*



байланыштуу патент негизинде иш алып барчу соода кызматкерлеринин саны өсүп жатат.
Кыймылдуу мүлк салыгынан төлөнүүчү салыктын түрү да 2018-жылга карата 124,3 (бир жүз жыйырам төрт миң үч жүз) сомго өсүү болгон. Бул өсүүгө жылдан жылга айыл тургундарынын транспорт каражаттарын сатып алуусу жогорулап жаткандыгы себеп.
Роялти салыгы 2017-жылы 471,0 (төрт жүз жетимиш бир миң) сом болсо 2018-жылга карата 642,8 (алты жүз кырк эки миң сегиз жүз) сомго аткарылып, 171,8 (беш жүз жетимиш бир миң сегиз жүз) сомго өсүү болгон. Себеби, айыл аймагыбызда гипс чыгаруу ишмердиги жакшы жолго коюлуп, жылына белгилүү өлчөмдө өсүү берип жатат.
Киреше бөлүгүнүн 2017-жылдан 2018-жылга салыштырмалуу төмөндөп кеткен салыктын түрүнө кыймылсыз мүлк салыгы кирип, төмөндөө өлчөмү - 0,73%ды түздү.



| Кирешелердин аталышы | 2017-ж. | 2018-ж. | Өзгөрүү |
|---|---|---|---|
| | факт | факт | (+, -) |
| **Жалпы кирешелер** | **23 071,20** | **28 989,50** | 5 918,30 |
| **Салыктык кирешелер** | **11 585,30** | **13 145,50** | 1 560,20 |
| Салыктык агенттери төлөгөн киреше салыгы | 3 512,00 | 4 197,30 | 685,30 |
| Бирдиктүү салык декларациясы | 11,2 | 15,7 | 4,50 |
| **Патент негизиндеги салыктар** | **2 655,20** | **2 983,60** | 328,40 |
| Милдеттүү патент салыгы | 128,1 | 173,5 | 45,40 |
| Ыктыярдуу патент салыгы | 2 527,10 | 2 810,10 | 283,00 |
| **Мүлккө салык** | **1 890,30** | **2 014,60** | 124,30 |
| Кыймылсыз мүлк салыгы | 260,7 | 191 | -69,70 |
| Кыймылдуу мүлк салыгы | 1 629,60 | 1 823,60 | 194,00 |
| **Жер салыктары** | **2 231,40** | **2 469,20** | 237,80 |
| Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 646,3 | 758,9 | 112,60 |
| Юридикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 1 066,60 | 1 125,30 | 58,70 |
| Айыл чарба багытына кирбеген жер салыгы | 518,5 | 585 | 66,50 |
| Сатуудан алынуучу салык | 814,2 | 822,3 | 8,10 |
| **Роялти** | **471** | **642,8** | 171,80 |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **11 485,90** | **15 844,00** | 4 358,10 |
| Кен байлыктарга лицензия кармагандыгы үчүн салык | 3 026,70 | 1 560,20 | -1 466,50 |
| Калктуу конуштарда жайгашкан ижара акысы | 93,9 | 90 | -3,90 |
| Жайыт төлөмү | | 418,3 | 418,30 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара төлөмү | 486,5 | 504,4 | 17,90 |
| Муниципалдык менчикте турган объектилерден төлөнүүчү ижара акы | 102,9 | 142 | 39,10 |
| Таштанды төлөмү | 364,8 | 399,9 | 35,10 |
| Теңдештирүүчү грант | 1371,1 | 5851,8 | 4 480,70 |
| Максаттуу трансферттер | 4025,9 | 2799,7 | -1 226,20 |
| Атайын каражаттар | 1 932,90 | 2 038,00 | 105,10 |
| Учурдук жардам | | 2 000,00 | 2 000,00 |
| Айыл чарба багытына кирбеген жерлерди сатуудан түшкөн салык | 81,2 | 39,7 | -41,50 |

*Таблица 2. Бюджеттик чыгашалар (миң сом)*

| Чыгашалардын аталышы | 2017 | 2018 | 0 |
|---|---|---|---|
| | Факт | Факт | Өзгөрүү +/- |
| Пландоо, башкаруу жана администрациялоо | 6 751,8 | 7 834 | 1 082,2 |
| Жарандык коргонуу | 0 | 0 | 0 |
| Экономикалык маселелер | 1 127,7 | 1 884,5 | 756,8 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 5 034,1 | 5 760,9 | 726,8 |
| Эс алуу, маданият жана спорт | 1 397,1 | 1 211,4 | -185,7 |
| Билим берүү бөлүмү | 6 766 | 11 791,5 | 5 025,5 |
| Социалдык коргоо | 219 | 237 | 18 |
| **Бардыгы** | **21 295,7** | **28 719,3** | **7 423,6** |

*Диаграмма 2. 2018-жылга бюджеттин чыгашасынын аткарылышы*



2018-жылы 2017-жылга салыштырмалуу чыгаша бөлүгү боюнча көпчүлүк басым пландоо, башкаруу жана администрациялоо жана билим берүү бөлүмүнө каралды. Көк-Жар айыл өкмөтүнүн 2019-жыл үчүн бекитилген планы киреше жана чыгаша боюнча 26 701,2 миң сомду тузот. Анын ичинен жергиликтүү бюджет 20 198,3 миң сом күтүлүүдө. Бул көрсөткүч өткөн жылдын аткарылганына салыштырмалуу 3666,6 миң сомго көп бекитилди.

## 3. Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жалпы максаты

**Үч жылдан кийин айылдык аймак төмөнкүдөй болот:** социалдык-коммуналдык инфраструктурасы оңолот, аймак тургундар үчүн бардык шарты бар, жашоого ыңгайлуу, жагымдуу жана коопсуз айылдык аймакка айланат. Экономикасы, өнөр жайды өнүктүрүүгө шарт түзүүгө, мал чарбачылыктын асылдуулугун өстүрүүгө жана дыйканчылыкта



өнүктүрүүгө шарт түзүүгө, мал чарбачылыктын асылдуулугун өстүрүүгө жана дыйканчылыкта жаңы технологияларга колдонууга багытталат. Жаштар билимдүү, дени сак, мекенчил духта тарбияланат, калктын маданияттуулугу жогорулайт, бош убактысын туура пайдаланышат жана жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алууга активдүү катышат.

## 4. Көк-Жар айылдык аймагынын приоритеттүү багыттары

### 1. Пландоо, башкаруу жана администрациялоо

Элге кызмат кылуу максатында айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерине жетишээрлик деңгээлде шарттарды түзүп, заманбап жабдуулар жана эмеректер менен камсыз кылуу. Калк менен айыл өкмөтүнүн ортосундагы бирин-бири түшүнүү иштерин жакшы жолго коюу. Айыл өкмөтүндө иштөө шарттарын жакшыртып, кызматкерлер эл менен тыгыз иштешип, айыл тургундарынын айыл өкмөтүнө болгон ишенимиң арттыруу. Ошондой эле, айыл өкмөтүнүн муниципалдык адмиңистрациялык имаратынын сакталышын катуу көзөмөлгө алуу менен шаар тибиндеги администрациялык имараттар



сыңары заманбап курулмалар менен жабдылат.

***Максат:*** Көк-Жар айылдык аймагынын кызматкерлеринин эмгектенүүсүнө жогорку деңгээлде шарт түзүп берүү аркылуу ЖӨБ органдарынын тургундарга кызмат көрсөтүүсүнүн сапатын жогорулатуу. Айылдык аймактын социалдык-экономикалык маселелерин чечүүдө жарандардын активдүүлүгүн, маалымдуулугун жогорулатуу.

***Тапшырмалар:***

1. Көк-Жар айылдык аймагынын 60%га жакын жарандарды жергиликтүү

маанидеги маселелерди чечүүгө катыштыруу.

2. ЖӨБ органдарынын калкка кызмат көрсөтүүсүнө шарт түзүү.
3. АӨ кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу.
4. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн 30%га жогорулатуу

***Күтүлгөн жыйынтыктар/ көрсөткүчтөр***

60% га жакын жарандар ЖӨБгө катышат. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жылына 3 төн кем эмес демилгелер колдоого алынат. 40% калк маалыматка ээ болот. АӨ имаратынын чатырын алмаштырылат жана ЖӨБ органдарына шарт түзүлөт. Жаны заманбап арка курулат. АӨ имаратына кирүү жайына жаңыдан тосмо курулат жана АӨ аталыштары жазылган аталыштар жаңыланат. АӨ имаратынын эскилиги жетип калган шиферлери алмаштырылып, тамы




жаңыланат. Аппарат кызматкерлери офистик эмеректер менен камсыз болушат. Айыл башчы каанасы капиталдык оңдоодон өткөрүлөт. Ар бир адис өзүнүн кесиптигине ылайык билим деңгээлин жогорулатуу максатында окуулардан өткөрүлөт жана сертификаттарга ээ болушат. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 30%га жогорулайт. Жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

## 2. Экономикалык маселелер

Көк-Жар айылдык аймагынын 2020-2023-жылдарда экономиканын айыл чарба багытында айдоо жерлерин натыйжалуу пайдалануу менен алардын көлөмүн арттыруу болуп эсептелинет. Ал үчүн айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү көбөйтүүнүн негизги булактары болгон сугат жерди көторуштуруп айдоо, асылдуулугун арттыруу үчүн көп жылдык өсүмдүктөрдү айдап себүүгө жетишүү зарыл. Ички сугат каналдарын, чарбалар аралык каналдарды талапка ылайык келтирүү маселелери турат.

Бүгүнкү күндө суу жетпеген, кайрак жерлерди өздөштүрүү «Кыргыз Республикасынын 2019-2023-жылдарда туруктуу өнүгүү стратегиясында» белгиленген

Жийде айылындагы Абылгазы өрөөнүнө сугат суу алып баруучу каналдын курулушуна ар тараптан көмөктөшүү менен 300 гектардан ашуун жерге суу чыгаруу милдети турат.
Сарыканды айылындагы Кашка, Алашан айылындагы Нооруке участкаларындагы сугат суу таңкыс болгон жерлерге тамчылатылып сугаруу методун колдонууну менен мөмөлүү бак-дарактарды отургузуу.
Мал чарбачылыгынан алынуучу продукциялардын көлөмүн арттырууда малдардын баш санын өстүрүүгө басым жасалбастан алардын асылдуулугун арттыруу, малдардын ар түрдүү ооруларына каршы күрөшүү, тоют базасын чыңдоо, жайыттарды рацианалдуу пайдалануу милдети турат.
Малдардын асылдуулугун арттыруу багытында азыркы учурда айыл аймагыбызда малдарды атайын жасалма жол менен уруктандыруучу пунктары ачылып, иштер жүргүзүлүп жатат. Бирок, келечекте жалаң гана кара малдарды эмес майда жандыктарды да асылдандыруу жумуштары турат. Мисалы, таза кандуу кочкорлордун, текелердин породаларын алып келип асылдандыруучу чарбаларды түзүүгө көмөктөшүү.
Мындан сырткары малдардын ар түрдүү ооруларына каршы профилактикалык иштерди күчөтүүнү колго алуу.



Ветеринардык кызматтардын ишин жакшыртуу жана фермерлердин маалымдуулугун жогорулатууга көңүл бурулат.
***Максат:*** Көк-Жар айылдык аймагынын экономикасын, анын ичинде мал чарбачы-лыгын өнүктүрүүгө, айыл чарба өсүмдүктөрдүн жана мөмө жемиштердин түшүмдүүлүгүн жогорула-тууга жана өнөр жай тармагын өнүктүрүүгө көмөктөшүү.
***Тапшырмалар:***
1. 2020-2023 жылдар аралыгында дыйкан-фермерлерге асыл-тукум мал чарбаларын уюштурууга көмөктөшүү.
2. Ветеринардык тейлөөнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшүү.
3. Жайыттарды деградацияга учуратпоо боюнча алдын ала чараларды коруу.
4. Жайыттардын инфраструктурасын жакшыртуу.
5. Айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү боюнча дыйкандарга

жана айыл тургундарына көмөк көрсөтүү.
6. Айыл тургундарынын кредит алуу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу.
7. Суу жетпеген кайрак жерлерди өздөштүрүүгө көмөктөшүү.
8. Сугат суу менен толук камсыз болбогон 1800 гектардын 30% на сугат суу жеткирүү.
9. СПАнын кирешесин 20% га жогорулатуу.
10. Улуу Тоо участкасына күнүнө 3000 тонна цемент чыгаруучу заводдун ачылыша көмөктөшүү.

***Күтүлгөн жыйынтыктар/ көрсөткүчтөр***

Фермерлер жана айыл тургундары мал чарбачылыгынын сапатын жакшыртуу боюнча 30% фермер маалымдуу болушту. Жасалма уруктандыруучу пункту ачуу боюнча жери бөлүнүп берилди. Айыл аймагындагы малдын башы такталат. Ири мүйүздүү малдын 80 % идентификациядан өткөрүлдү. Малдын жугуштуу ооруларынын алды алынат. Малдын оорусу 2 эсе азаят. 2 жолу элдик жыйналыш өткөрүлүп, жайытты туура пайдалануу боюнча чечимдер кабыл алынды. Жайыттар жакшырат, 450 га жерге уруктар себилет. Жайытты туура пайдалануу боюнча жылына бирден кем эмес чогулуштар өткөрүлөт. Барууга мүмкүн болбогон жайлоолорго 45 км жол салынат. Малдарды сугаруу үчүн булактардын көздөрү оңдолот. 300 га жер суу менен камсыз болот. Айдоо аянттары кеңейет. Алашан айылындагы Нооруке участкасына жана Сарканды айылындагы Кашка участка-сынын 300 га жерге тамчыла-тып сугаруу ыкмасы колдонула баштайт. 5,5 км лоток жана арыктар тазаланат. 540 гектар жер сугат суу менен камсыз болот. СПАнын кирешесин 20% га жогорулайт. Тейлөө кызматы жакшырат. Цемент заводу ачылат. 2000 ге жакын адам жумуш орду менен камсыз болот. Жергиликтүү бюджеттин киреше булагы көбөйөт.



## 3. Айлана-чөйрөнү коргоо

Бул багытта таштандыны чогултуп жана жыйноо иштерине көңүл бурулат жана калкты таза жашоого үндөө жүргүзүлөт. Айыл тургундары жана жаштар арасында таштандыларды тиешелүү жайларга гана таштоо зарыл экендиги тууралуу

түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен айылдык аймакты таштандысыз таза аймакка айландыруу. Айыл тургундарына таштандыларды алып чыгып бир жерге топтоо иштерине шарт түзүү. Топтолгон таштандыларды айыл ичинен тиешелүү жайга алып чыгып төгүү иштерин жогорку деңгээлде жолго коюу. Айыл аймагыбыздагы айылдарда, айрыкча соода-сатык борбору саналган Көк-Жар айылындагы соода дүкөндөрүнөн, ашканалар-дан, базардан ж.б. элге кызмат көрсөткөн ишканалардан аябагандай көп өлчөмдө таштандылар чыгарылат. Ал таштандыларды чыгарууну көзөмөлгө алуу бүгүнкү күнгө чейин жолго коюлбай келе жатат. Көк-Жар тазалык ишканасы аркылуу айылдардагы таштандыларды ташып чыгаруу, ошондой эле коммерциялык ишканалар менен келишим түзүү аркылуу, алардан чыккан таштандыларды атайын таштанды таштоочу жайга ташуу иштерин уюштуруу жагы пландаштырылууда. Келечекте атайын таштанды чыгаруучу техникаларды алуу, ар бир айыл, ар бир көчөгө таштанды топтоочу контейнерлерди алып коюу замандын талабы болуп эсептелет. Ошондой эле Көк-Жар тазалык ишканасынын колдоосу менен, бул ишканада эмгектенген кызматкерлердин санын көбөйтүп, таза айылга



жетишүү максатында тынбай эмгектенүү күтүлүүдө.
Айылдык аймакта парктарды, көчөлөрдүн жээктери жашыл бак-дарактар, гүлдөр менен кооздоп, жагымдуу айылга айландыруу максатында көрктөндүрүү иштери улантылат.
***Максат:*** Айлана-чөйрөнү коргоону жакшыртуу.
***Тапшырмалар:***
1. Айыл аймакты таштандылардан арылтуу менен айыл тургундарына айлана чойронун тазалыгын сактоосун камсыз кылуу.
2. Борбордук таштанды сактоочу жайды ирээтке келтирүү.
3. «Көк-Жар-Тазалык» муниципалдык ишканасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо.
4. Коомдук жерлерди жашылдандыруу жана

ирригация системасын оңдоо.

***Күтүлгөн жыйынтыктар/ көрсөткүчтөр***

Айыл аймакты таштандылардан арылтуу менен айыл тургундарына айлана чөйрөнүн тазалыгын сактоосун камсыз кылуу. Айыл тургундарынын 70% жашоочулары таштандыларды урналарга бөлүп таштоо боюнча маалымдуу бөлүп, сала башташты. Аймактагы 6 айылдын ичиндеги билим берүү мекемелерине жана негизги көчөлөргө таштанды салуучу 30 урналар орнотулду. График менен таштанды чогултуу уюштурулду. Калк жана коммерциялык уюмдар менен келишимдер түзүлүп, тарифтер боюнча акынын чогулушу 2 эсеге көбөйөт. Таштанды таштоочу жайдын айланасы тосулуп, коопсуздук сакталат. Мыйзамсыз таштанды төгүлгөн жайга таштанды ташталбайт. Атайын таштанды ташуучу машина



алынып, графикке ылайык айыл ичиндеги таштандылар ташылып чыгарылат. Айылдык аймактын борбордук көчөлөрү жана эс алуучу жайларына көп жылдык 150 бак-дарак отургузулат. Айылдык аймактын борбордук көчөлөрү жана эс алуучу жайларына бир жылдык кооз 700 даана гүл отургузулуп, айлана көркkө келет. Ушул күнгө чейин көрктөндүрүлүп келген жайлардын абалы туруктуу сакталат. Айылдын ички арыктарынын абалы жакшырып, сугат сууда маселе жаралбайт.

## 4. Коомдук тартип жана коопсуздук

Калк арасында жана билим берүү мекемелеринде коопсуздук эрежелери тууралуу тиешелүү адистердин катышуусунда көптөгөн угууларды, окууларды жана тажрыйбаларды уюштуруп, элдин коопсуздугун сактоо иштерин жолго коюу. Балдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жол эрежелерин түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Чоң жолдун боюна жол кайгуул кызматкерлери күн сайын нөөметтө турушуп, көзөмөлгө алышат. Борбордук көчөлөр жана билим берүү мекемелеринин жанына светофорлор орнотулат. Көк-Жар айыл аймагында өзгөчө кырдаалдар жана



өрт коопсуздугу боюнча ар түрдүү кырсыктардан калк арасында мамлекеттик камсыздандыруу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.
Билим берүү мекемелеринде өрт коопсуздугун жолго коюу жогорулатып, мекемелер өрт өчүрүүчү заманбап шаймандар менен камсыз болушат.
Окуучулар арасында өрт болгон учурда кандай чараларды колдонуу жана өрт учурунда мектептен чыгуу жолдору боюнча машыгуулар үзбөй алынып барылат. Кооптуу жерлери айыл аймагыбыздын сел кетүү, жер титирөө, өрт коопсуздуктардан жана башка ушу сыяктуу кырсыктардын алдын-алуу үчүн иш-чараларды өткөрүү. ӨКМ менен биргеликте сел агуучу каналдар улам тазаланып, кооптуу сайлардын жээктерине габион сеткалары жаткырылат жана бетон куюлуп, коопсуз абалага келтирилет.
***Максат:*** Көк-Жар айылдык аймагынын жарандарынын коопсуздугун камсыз кылуу жана коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү.
***Тапшырмалар:***
1. Коомдук тартип жана коопсуздукту сактоого көмөктөшүү.
2. Жаштардын жана балдардын коопсуздугун камсыз кылууга көмөктөшүү.
3. Өзгөчө кырдаалдар боюнча калктын маалымдуулугун камсыз кылуу.
4. Жугуштуу оорулардын алдын алууга көмөктөшүү.

***Күтүлгөн жыйынтыктар/ көрсөткүчтөр***
40% элге түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Жаштар арасында кылмыштуулуктун саны 1%

азаят. Калктын маалымдуулугу 20% га жогорулайт.
Эл арасында жугуштуу оорулардын алды алынат жана саны 10% азайат. Жолбун иттер атылып, элдин коопсуздугу каралат.

## 5. Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр

Социалдык-экономикалык жактан өнүгүүдөгү негизги көңүл бурулуучу тармак бул ички байланыш жол каттамдарын, калкты таза суу менен камсыздоону, электр столбаларын жана линияларын жакшыртуу болуп калмакчы. Ички жолдорду жарыктандырууга басым жасалып, мүмкүн болушунча бардык көчөлөр жарыктандырылып, шаар тибиндеги көчөлөргө жетишебиз. Жаңы түшкөн конуштардын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча келечекте бир топ иштерди аткаруу зарылчылыгы бар. Айрыкча айылдардын ички жолдорун калыбына келтирүү, айыл жашоочуларынын көпчүлүгү жол жакка карай тамаркасынын чек араларын жылдыруунун натыйжасында ички жолдор кичирейип, эки автоунаа катары менен жүрүүгө мүмкүн болбой калган көчөлөр бар. Мына ушул көчөлөрдү атайын иш-чараларды кабыл алып, анын негизинде иш аракеттерди жүргүзүү менен талапка жооп бере турган абалда кеңейтүү, жолдордун бойлоруна жакын отургузулган бак-дарактарды мыйзам талаптарынын негизинде кыйуу менен ички жолдорду кеңейтүү. Кеңейген жолдордун четине тротуарларды куруп, элдердин



жана транспорт каражаттарынын кыймылына шарт түзүлүп берилет.

***Максат:*** Көк-Жар айылдык аймагынын жарандарына жашоого ыңгайлуу жана жагымдуу шарттарды түзүү.

***Тапшырмалар:***

1. Көк-Жар айыл аймагындагы 20 км ички жолдордун абалын жакшыртуу.
2. Жалпы пайдалануудагы жерлерге 20 км түнкү жарык берүүнү уюштуруу.
3. Жалпы айылдарыдын жашоочуларына электр жарыгы менен камсыз болушуна шарт түзүү.
4. Айыл тургундарынын 80 % таза суу менен камсыз кылуу

***Күтүлгөн жыйынтыктар/ көрсөткүчтөр***

Борбаш айылынын 3 км аралыгында И.Жусубалиев жана О.Алыбаев көчөлөрүнүн тургундарынын басып жүрүшүнө ынгайлуу шарттар түзүлөт.
Борбаш айылынын 4 км аралыкка тротуар салынып, 150 кожолукка жолдо жүрүүгө ыңгайлуу шарт түзүлөт.
Сарыканды айылынын 1 км жолго шагыл төгүлөт. Каранай айылынын 4км жолго шагыл төшөлүп, жолдордун абалы жакшырат. Алашан айылынын ички жолдорунун 2 км аралыгына шагыл төшөлүп, жолдор жакшыртылат. Борбаш айылынын 1 км аралыктагы жолго шагыл төшөлүп, тегизделет. Жолго чыгып кеткен тамаркалардын чек аралары жылдырылып, ички жолдор кеңейтилет. Жийде айылында ар жыл сайын улантылып 3 жыл ичинде 3 км аралыктагы жол сүрүлүп, шагыл төшөлөт. Көк-Жар айылында ар жыл сайын улантылып 3 жыл ичинде 4 км аралыктагы жол сүрүлүп, шагыл төшөлөт.
Алашан айылынын көчөлөрүнүн тургундарынын түнкүсүн басып жүрүүлөрүнө ынгайлуу шарттар түзүлүп, 5 км жол жарыктандырылат. Жийде айылынын 2 көчөсүнүн тургундарынын түнкүсүн басып жүрүүлөрүнө ыңгайлуу шарттар түзүлөт.



Каранай айылынын 2 көчөсүнүн тургундарынын түнкүсүн басып жүрүүлөрүнө ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Көк-Жар айылынын көчөлөрүнүн тургундарынын түнкүсүн басып жүрүүлөрүнө ынгайлуу шарттар түзүлөт.
350 кожолук электр жарыгы менен камсыз болот. 210 мамыча алмашылат. Сарыканды айылына электр мамычалары жана 4 км электр чубалгалары орнотулат. Каранай айылына 130 кичи чыңалуудагы мамычалар орнотулат. Алашан айылына 16 жогорку жана 80 кичи чыңалуудагы мамычалар жана 11,5 км чубалгалар орнотулат. Трансформатор алынат.
Көк-Жар айылына 171 кичи чыңалуудагы мамычалар жана 26,5 км чубалгалар орнотулуп,

2 трансформатор алынат. Жийде айылына 60 кичи чыңалуудагы мамычалар жана 40 жогорку мамычалары жана
2 трансформатор алынат. Борбош айыл тургундарынын 40 кожолугунун жашоочуларынын таза суу боюнча көйгөйлөрү



